**ТУРИЗМ**

**ТУРИЗМ**

**TOURISM**

*Артыкбаева С.Ж., Момошева Г.А., Осмоналиева А.А.*

# ТУРИЗМ ТАРМАГЫНДАГЫ ИННОВАЦИЯЛЫК ӨНҮГҮҮНҮН МААНИСИ

*Артыкбаева С.Ж., Момошева Г.А., Осмоналиева А.А.*

# ЗНАЧЕНИЕ ИННОВАЦИОННОГО РАЗВИТИЯ В ТУРИСТСКОЙ ОТРАСЛИ

*S.Zh. Artykbaeva, G.A. Momosheva, A.A. Osmonalieva*

# IMPORTANCE OF INNOVATION DEVELOPMENT IN THE TOURISTIC INDUSTRY

*УДК: 332.02*

*Кыргызстанда туризм тармагын азыркы талаптарга ылайык өнүктүрүү үчүн инновациялык технологияны кийирүү зарылдыгы бар. Ал рынокко жаңы сапаттагы жана атаандаштык артыкчылыкка ээ туристтик кызматтарды сунуштоого жол ачат. Туризимде инновация – бул илимдин жетишкендиктерин колдонуу менен жаңы туристтик багыттарды, долбоорлорду, техникаларды, IT-технологияларды, ошондой эле башкаруу жана маркетинг жаатындагы алдыңкы тажрыйбаларын киргизүү, калктын иш менен камсыз болуу деңгелин жогорулатууга мүмкүндүк берет, анын кирешелерин өсүшүн камсыз кылуу, социалдык-экономикалык өнгүүнү тездетүү жана өлкө менен региондун туристик имиджин жакшыртуу. Туризм бардык деңгээлдеги бюджеттердин киреше бөлүгү катары аныкталган олуттуу материалдык пайда алып келген экономикалык тармак катары каралышы керек. Макаланын негизги жоболору жана таянактары инновациялык саясатты иштеп чыгууда, регионду өнүктүрүүнүн жүргүзүлүп жаткан стратегиясынын натыйжалуулугун баалоодо, ошондой эле өнуктүрүүнүн региондук программаларын даярдоодо пайдаланылышы мүмкүн.*

***Негизги сөздөр**: туризм, инфраструктура, туристтик кызмат, инновация, инновациялык технология, бюджет, туристтик багыттар, өнүгүү, имидж.*

*В целях развития туристской отрасли в соответствии с современными требованиями существует необходимость внедрения в ней инновационных технологий. Она позволяет предложить на рынке туристских услуг с новыми качествами и конкурентными преимуществами. Инновация в туризме – это разработка, создание новых туристских маршуров, проектов и т.д. с применением достижений науки, техники, IT-технологий, а также передового опыта в областях управления и маркетинга, внедрение которых позволит повысить уровень занятости населения, обеспечить рост его доходов, ускорить социально-экономическое развитие и улучшить туристский имидж страны и регионов. Туризм следует рассматривать как экономическую сферу, приносящую существенную материальную выгоду в качестве доходной части бюджетов всех уровней. Основные положения и выводы статьи могут быть использованы при разработке инновационной и инвестиционной политики, оценке эффективности проводимой стратегии развития региона, а также при подготовке региональных программ развития.*

***Ключевые слова**: туризм, инфраструктура, туристская услуга, инновация, инновационная технология, бюджет, туристкое направление, развитие, имидж.*

*In order to develop the tourism industry in accordance with modern requirements, there is a need it is necessary to introduce innovative technologies in it. It allows you to offer the tourist services market with new qualities and competitive advantages. Innovations in tourism includes development, creation of new tour itineraries, projects, etc. with utilization of achievements of science and technologies, IT-technology, and advanced experience in a field of management and marketing, implementation of which will allow to increase occupational level, to provide growth of its income, to increase acceleration of social-economic development, to improve touristic image of country and regions. Tourism should be regarded as an economic sector that generates substantial financial benefit ensuring revenue to budgets at each level. The main provisions and conclusions of the article may be useful to develop the region’s de-*

*velopment strategy and prepare regional development programs.*

***Key words:*** *tourism, infrastructure, tourist service, innovation, innovative technology. budget, tourist destination, development, image.*

Азыркы мезгилде Кыргызстанда туризмдин жогорку өнүккөн инфраструктурасын инновациялык негизде түзүү зарылдыгы турат. Бул, адистердин ой-пикири боюнча, тармактын материалдык-техникалык базасын өнүктүрүүдө аны түп-тамырынан реконструкциялоо жана модернизациялоо, жаңы түйүндөрдү куруу, туризм жана эс алуу чөйрөсүндөгү азыркы технологиялардын жетишкендиктерин кийирүү, эскирген фондуларды алмаштыруу менен эле чектелбестен, сапаттык жактан жаңы техника жана технологиялардын негизинде жаңылоо дегенди түшүндүрөт [1]. Демек, азыркы этапта туризмди өнүктүрүү, анын социалдык-экономикалык маанисин көтөрүү инновациялык механизмдерди колдонуусуз мүмкүн эмес.

Кыргызстанда туризм калыптануу стадиясындагы тармак болгондуктан, туристтик ишмердүүлүктүн эл аралык практикада салттуу болуп калган жалпы иштөө механизмдери анда толук кандуу аракетке кире элек. Ошондуктан бул чөйрөдө инновацияларды өздөштүрүү мыйзам ченемдүүлүктөрү, пландоо жана прогноздоо принциптери жана аларды башкаруу татаал маселе болуп эсептелет. Мына ушуга байланыштуу дүйнөлүк туризмдин башкы белгиси болгон жогорку технологиялар менен жаңы мамилелерге таянган инновациянын маанисин жогорулатуу эсептелет. Туристтик товарларды жана кызматтарды өндүрүүдө, таратууда жана пайдаланууда инновациялык технологияларды колдонуу – алардын сапатын жакшыртуунун, рынокто өтүмдүүлүгүн арттыруунун чечүүчү фактору.

Эл аралык практика көрсөткөндөй, инновациялык прогресс гана өлкөдө азыркы туристтик индустриянын калыптанышына, атаандаштыкка жарамдуу туристтик продуктуну жаратууга, чет элдик туристтик суроо-талаптын өсүшүнө жана канааттануусуна шарттарды түзөт. Мезгил туризм чөйрөсүндө инновациялык процесстерди киргизүүнү, жаңы технологиянын негизинде жаңы кызматтарды өндүрүүнү талап кылууда. Себеби, инновациялык өнүгүү гана атаандаштыкка туруктуу жана рынокто уникалдуулук касиетине ээ товарларды жана кызматтарды сунуштоого жол ачат, ошондой эле анын аймактык экономикага кошкон салымын арбытат.

Кыргызстан өзүнүн жаратылыштык жана тарыхый-маданий потенциалы менен туризмдин инновациялык өнүгүүсүнө толук шарттары бар деп эсептейбиз. Мында инновациялык өнүгүүнү мамлекеттин, аймактардын жана тийиштүү ишканалардын деңгээлинде жүргүзүү зарыл. Мамлекеттик органдар биринчи кезекте инновациялык ишмердүүлүк үчүн жагымдуу шарттарды түзүү менен тармактын өнүгүүсү үчүн жаңы билимдерди, ыкмаларды жана технологияларды киргизүүгө көмөктөшөт. Бул маселени ишке ашыруунун тиешелүү жолдору болуп төмөнкүлөр эсептелет: экономиканын өсүшүн илимий-техникалык жактан камсыздоону колдоо, инновациялык жактан активдүү ишкана-уюмдарга жана жеке жактарга салыктык жеңилдиктерди берүү, бул жаатта ийкемдүү кредиттик-финансалык саясатты жүргүзүү, туризмге ата мекендик жана чет элик инвестицияларды тартуу үчүн укуктук жана уюштуруучулук шарттарды түзүү ж.б.

Туризмдеги инновация жаңы пайдалуу касиеттерге ээ туристтик продуктуну түзүү, туристтик маркетингде жаңы ыкмаларды колдонуу, IT-технологияны колдонуу менен башкаруунун жаңы усулдарын пайдалануу менен аныкталат. Ал натыйжада туристтик рынокто керектөө суроо-талабынын деңгээлин жогорулатууну көздөйт.

Ооба, туризмдеги инновациялык өнүгүүдө биринчи кезекте IT-технологиянын жетишкендиктерин пайдалануу чечүүчү ролго ээ экендиги талашсыз. Анын артычылыктары эмнеде? Биринчиден, убакыт бюджетин үнөмдөйт, транспорт, байланыш ж.б. кеткен финансалык чыгымдарды азайтат; экинчиден, тигил же бул туристтик ишкананын иштөө тартиби жана өзгөчөлүктөрү боюнча объективдүү маалыматтарды берет; үчүнчүдөн, туристтик продукт жана аны алуу мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө маалыматтарды тез жана географиялык жактан кең мейкиндикке таркатат; төртүнчүдөн, кардарлардын өтүнүчүн анын жайгашкан жеринен алууга, керектүү кызматтарды алдын ала брондоого жана акы төлөөгө шарт түзөт; бешинчиден, рыноктогу өндүрүүчү менен керектөөчүнүн жана ага көмөктөш объектилердин (аймак, мамлекеттик башкаруу органдары, башка тараптар) өз ара мамилесин жөнөкөйлөштүрөт.

Инновациялык идеяларды ишке ашыруу негизинен төмөнкүдөй маселелерди камтыйт: туристтик кызмат көрсөтүүнү мүмкүн болушунча автоматташтыруу, жаңы программалык камсыздоо, туризм чөйрөсүндөгү жаңы товарларды жана кызматтарды иштеп чыгуу, жаңы туристтик маршруттарды табуу, жаңы багыттагы кызыктыруучу меймандостук кызматтарды көрсөтүү.

Демек, туризм тармагындагы инновациялык

өнүгүү көп жактуу процесс болуп саналат. Анын эффективдүү моделин куруу үчүн туризм тармагынын комплекстүү өнүгүү факторлорун (табигый жана маданий ресурстар, инфраструктура, социалдык база, башкаруу түзүмү ж.б.) жана көрсөткүчтөрүн талдоо талапка ылайык. Буга ылайык туризмдин инновациялык стратегиясын иштеп чыгууда туристтик рыноктун өзгөчөлүгү, анын адистешүүсү, атаандаштык мүмкүнчүлүктөрү ж.б. эске алынат.

Туристтик рыноктогу инновациялык ишмердүүлүктүн негизги багыттарына төмөнкүлөрдү киргизүүгө болот.

1. **Салттуу туристтик товарларды өндүрүүдө жана кызматтарды көрсөтүүдө жаңы техника жана технологияларды колдонуу**. Азыркы мезгилде Кыргызстандын туроператорлору жана турагенттери компьютердик техниканы жана программаларды кеңири колдонуп калышты. Өндүрүштүк ишти жүргүзүү, бухгалтердик эсепти алып баруу, кардарлар менен иштөө, аларды каттоо, жарнама жүргүзүү ж.б. иш-чаралар атайын компьютердик технологиялардын жардамында жүргүзүлүүдө. Айрым жайгаштыруу каражаттары тейлөөнүн автоматташтырган түзүмүн колдонуп жатат. Дээрлик бардык туристтик ишканалардын сайттары түзүлгөн.

Интернетте географиялык маалыматтардын так деталдуу системасынын пайда болушу менен колдонуучулар үчүн жер бетинин үч өлчөмдүү моделдерин ар кандай масштабда көрүүгө мүмкүнчүлүктөр түзүлдү. Геосервистердин өнүгүшү жана адистештирилген web-сайттардын – фотохостингдердин пайда болушу фотосүрөттөрдү интернет түйүнүнө жайгаштыруу менен аларды тиешелүү географиялык координаталарга байлоого шарттарды жаратты. Фотосүрөттөргө болгон шилтемелер алардын географиялык мүнөздөмөлөрүн толук чагылдырууга жол ачты.

Өлкөдө өз иш-аракетинде интернет жана коммуникациялык технологияларды колдонгон туристтик ишкана-уюмдардын саны жылдан-жылга өсүүдө. Жыйынтыгында туризмде электрондук коммерцияны эффективдүү колдонууга жол ачылды. Мындай процесстин артыкчылыктарына төмөнкүлөрдү киргизүүгө болот: видео-, аудио- жана тексттик маалыматтарды берүүнү ишке ашыруу; мейкиндик жана убакыттык чектөөлөрү жок; колдонуучулардын чектелбеген санын өз ичине камтыйт; маалыматты көз ирмемде алуу жана анын негизинде өзгөрүүлөргө дароо көңүл бөлүү; интерактивдүүлүктүн максималдуу мүмкүнчүлүгү (кардарлар менен түз баарлашуу); кызыктырган ар тараптуу маалыматтарды алуунун мүмкүнчүлүгү; максаттуу аудиторияны тез жана натыйжалуу издөө жана зарыл учурда рыноктун белгилүү бир сегментине багыт алуу; достук мүнөздөгү интерфейстин болушу; берилип жаткан маалымат конфиденциалдуу; маалыматтарды берүү багытында чектөө жок; салыштырмалуу көп эмес уюштуруучулук чыгымдары [2].

2. **Жаңы туристтик территорияларды жана ресурстарды өздөштүрүү.** Кыргызстан – туристтик аймак катары жаңыдан таанылып келе жаткан өлкө. Анын дээрлик бардык территориялары жана ресурстары дүйнөлүк рынокто жаңы, али толук өздөштүрүлбөгөн абалда. Бул максатта адам буту аз жеткен табигый ландшафттарды, кыргыз элинин маданий салт-саанааларын туристтик ресурс катары сунуштоо максатка ылайык. Мисалы, бул жаатта Ысык-Көл областынын айрым ишкерлери үлгү болорлук иштерди алып барышууда. Тактап айтканда, бул жерде боз үй жасоо кол өнөрчүлүгү кеңири даңазаланып жатат. Чет элдик туристтер үчүн боз үйдү тигүү, ички түзүлүшү боюнча мастер-класстар өткөрүлүп, туристтердин катышуусу менен боз үйдү тургузуу конкурстары уюштурулууда. Улуттук каада-салттарды өркүндөтүү жана даңазалоо, чет элдик туристтерди тартуу жана этнотуризмди жайылтуу максатында ар кандай фестивалдар уюштурулуп жатат. 2017-жылы бир эле Тоң районунда “Тоң ааламы”, “Тескей жээк”, “Салбурун”, “Алгыр куштар” сыяктуу маданий-массалык иш-чаралар өткөн.

**3. Туристтик товарлар жана кызматтарды сатуунун жаңы рынокторун табуу жана өздөштүрүү.** Мындай стратегияны ишке ашыруу үчүн бир катар кошумча же жаңы иштерди аткаруу талап кылынат: потенциалдуу кардарларды издөө, табуу жана тартуу, сатуу иштерин өркүндөтүү, кошумча маалыматтык түзүмдөрдү түзүү ж.б. Алсак, улуттук негизде уюшулган тарыхый, этнографиялык, гастрономиялык ж.б. турларды уюштуруу Европа өлкөлөрүнөн жаңы кардарларды тартууга мүмкүнчүлүктөрдү берет. Айрым окумуштуулар белгилегендей, республикада жакынкы жылдары чет өлкөлүк туристтердин кызыгуусун пайда кылуучу, каражаттарын жумшоого түрткү болуучу, капиталдык салымды салыштырмалуу аз талап кылуучу туризм жайларын куруу зарыл болууда. Ушул өңүттөн алып караганда өлкөнүн ыңгайлуу жерлеринде жайлоо туризми, альпинизм, суу туризми, экотуризм, спелеотуризм, велотуризм сыяктуу түрлөрүн өнүктүрүү пайдалуу. Мындан тышкары чет өлкөлүктөрдү кыйла кызыктыруучу зоологиялык жана ботаникалык багыттагы же же нукура улуттук маанайдагы туризмдин түрлөрүн кеңейтүү керек [3].

Туризмдин өнүгүүсүн инновациялык жаатан

кароодо тармактын өзгөчөлүктөрүн да эске алышыбыз керек. Себеби, туризмде өндүрүштү толук автоматташтыруу, кол эмгегин жок кылуу туристтик продуктуга суроо-талаптын азайышына алып келиши мүмкүн. Эмгекти автоматташтыруу механизациялаштырууну толук сүрүп чыкпашы талапка ылайык. Анткени, тейлөө чөйрөсүнүн кээ бир тармактары кол эмгеги менен гана эффективдүүлүгүн сактап, кардарлардын санын көбөйтө алат. Келечекте туристтик инфраструктуранын территориялык жана тармактык пропорционалдуулугун сактоо менен экстенсивдүү да, интенсивдүү да жолдор менен өнүгүүсүн улантуу талапка ылайык.

Туризм инфраструктурасын инновациялык өнүктүрүү стратегиясында кластердик усулду дагы маанилүү инструмент катары колдонуу актуалдуу десе болот. Окумуштуулардын изилдөөлөрү боюнча, кластердик стратегия бар жана ал потенциалдуу кластерлерди табууга, алардын атаандаштыкка туруктуулук даражасын аныктоого, болочок кластерлерде бизнес-климатты жана инвестициялык активдүүлүктү жакшыртуу боюнча иш-чараларга таянат [4]. Бирок кластердик усулду колдонуу туристтик кластерлерди изилдөө жана аларды колдоо жаатындагы мамлекеттик саясатты калыптандыруу боюнча методикалык иштелмелердин жоктугунан кыйын болуп жатат.

Акырында белгилеп кетсек, азыркы учурда Кыргызстан өнүккөн илимий-техникалык жана жогорку квалификациялуу илимий-кадрдык потенциалга ээ. Анын негизин Улуттук илимдер академиясы, ведомстволук илимий мекемелер жана жогорку окуу жайлары (алардын ичинде түштүктө жайгашкан академиянын түштүк бөлүмү, Ош мамлекеттик университети, Адышев атындагы Ош технологиялык университети, Жалал-Абад мамлекеттик университети, Кыргыз-өзбек университети) түзөт. Бул мекемелерди жаңы технология, нанотехнология, ноу-хау ж.б. негизделген инновациялык жаратуулардын жана келечекте өлкөдө илим сыйымдуу экономиканы куруунун борбору катары кароого болот. Бирок алдыда инновациялык ишмердүүлүктүн инфраструктурасын калыптандыруу менен ишкана-уюмдардын илимий-техникалык потенциалын коммерциялаштыруу маселелери турат.

**Адабияттар:**


1. Низамиев А.Г. Туризм Кыргызстана: социально-экономические аспекты. - Ош, 2005. - С. 140.
2. Москаленко О.А. Экономические основы развития электронной коммерции и ее роль в развитии туристской отрасли Кыргызской Республики. Автореф. канд. экон. наук. - Бишкек, 2017. - С. 6.
3. Атышов К., Халил К., Шатманова Н.А., Синан Й. Туризмди кыргыз элинин рухий дөөлөтүнүн чордонунда өнүктүрүүнүн айрым көйгөйлөрү // III Эл аралык түрк дүйнөсү туризм симпозиуму. - 123-б. //http://oas2018.manas.edu.kg/files/Tam_Metin_ Bildiri_Kitabi.pdf.
4. Пидгурская Н.Н. Кластерный подход к регулированию туризма в регионе. Автореф. канд. экон. наук. - Иркутск, 2006. - С. 3.